Мамыров М.

9066

Памирдик кыргыздардын элдик оозеки чыгармаларынын үлгүлөрүнөн

ПАПКА ДЛЯ БУМАГ

Стр. 2,3. - отсутствуют 5/VI-58г Вог

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 2066
5/VI-58 г.
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

Академия наук Киргизской ССР
Труды Института языка и литературы

Выпуск X 1958 ж.

М. Мамыров.

# ПАМИРДИК КЫРГЫЗДАРДЫН ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ҮЛГҮЛӨРҮНӨН

Кыргыздар Кыргызстандан тышкары коншулаштарыбыз Казакстанда, Тажикстанда, ошондой эле Улуу Кытай өлкөсү Синь-Цзянда жана башка өлкөлөрдө жашашат. Кыргыздар территориялык жактан башка союздук жана элдик республикаларда жашап турушса да экономикалык маданий жагынан байланышып турат. Мындай катнашты акыркы жылдардын жай айларында Кыргызстандын мамлекеттик университети Тажик ССР, Тоолу Бадахшан Автономиялуу областына караштуу "дүйнөнүн чокусу" аталган Памир тоолорунун чыгышынан орун алган кыргыздарга жасашты. Ал катнаш жергиликтүү кыргыздардын оозеки чыгармачылыгын, үрп-адатын, салтын, турмушун жана тилдик өзгөчөлүгүн жыйноону, үйрөнүү алдына койгон - фольклордук-диалектологиялык комплекстүү экспедиция болучу. Бул Кыргызстандын территориясынан тышкары жашаган кыргыздардын оозеки чыгармачылыгын, тил өзгөчөлүгүн жыйноого,

үйрөнүүгө болгон биринчи умтулуш. Андыктан бул макалда памирдик кыргыздардын оозеки чыгармачылыгы, үрп-адаты, салты жана маданий-турмуш абалы менен тааныштырмакчыбыз.

Памир тоо кыркалары Родинабыздагы бийик тоолуу өлкөлөрдүн бири. Жаратылышы тоолуу келип, ээн-чап, эшилген жылаңач кумдуу жылгалар көзгө көрүнөт. Кыскасы тоосунан өрөөнүнө чейин майда шагыл өкүм сүрөт. Аба ырайы абдан татаал келип, кыштыр-жайдыр дээрлик кар жаайт. Жаратылыштын мындай шарттарына жараша өсүмдүктөр сейрек өсөт. Жаратылыштын кыйын шартына карабастан, "Ар кимдин жери өзүнө мисир" дегендей жергиликтүү эл какыраган шагылдуу жерин гүлдөгөн чарбакка, кара суусун каймакка жана жапайы жаныбарлардан болгон коёндун чоңдугун улакка салыштырып, Памир тоо кыркалары ар түрдүү жапайы жаныбарларга бай экенин билдирип, ага адамды суктандырат. Ал оозеки чыгармачылыкта мындай айтылат:

Эчкилүү мукур үч жылга,
Эсимден кетпейт бир жылга.
Жан текелүү бир жылга.
Жайылып жаткан боз кулжа,
Аттиңе Саркол бир саар,
Аркарын атсаң ар маал.
Кара суусу каймактай,
Какыр жери чарбактай.

Ак коёнду улактай,

Ак терскени тумактай.

Мында элдик оозеки чыгармачылыкта элдин гана турмушу берилбестен, адамдардын айлана чөйрөгө кылган мамилесин көрсөтөөрүн жана жашоо тиричиликте керектелүүчү бардык материалдык байлыктардын булагы - жаратылыштын да картинасы тартылаарын көрдүк.

Кыргыздар өзүнчө район. Ал Мургаб району деп аталат. Алар өздөрүн Сарколчубуз дешет. Алардын революцияга чейинки кесиби мал чарбачылык болуп, ар дайым көчүп жүрө турган. Дыйканчылык дээрлик болбогон. Азыр алар колхоздук отурукташкан бай турмушта жашашат. Ушул күндө да негизги чарбачылыгы мал өстүрүү, бийик тоолуу жерге жана суукка чыдамдуу топоз, кой-эчки өстүрүшөт. Азырынча дыйканчылык иши кеңири жүргүзүлбөйт. Акыркы жылдарда гана айрым колхоздордо тоюткор үчүн арпаны айдоого киришишкен. Бул советтик илимдин эл үчүн кызмат кылууга багытталгандыгын көрсөтөт. Памирде 1939 жылдан бери Тажик ССР илимдер Академиясынын биология станциясы илимий иштерди жүргүзүп келе жатат. Натыйжада Чыгыш Памирде арпа, жашылча өсүмдүктөрүнүн айрымдары тажрыйба катары өстүрүлүп, жакшы түшүмдөрдү берүүгө жетишти. Арпа Памирдин тоюткор чөбүнө айланды. Бул катаал кышта мал тоюткорсуз калуудан куткарат. Окмуштуулар Памирде сейрек өсүүчү өсүмдүктөрдү өстүрүп, анын түшүмүн арттырууда бир

катар ийгиликтерге жетишип жатышат. Мурда Чыгыш Памирде эгин, маданий өсүмдүктөр эч өспөсө, азыр капуста, чамгыр, сабиз, шпинат жана башка жашылча өсүмдүктөрү жакшы өсөрлүгү аныкталды. Өткөн 1956 жылы өлкөбүздө дан жана жашылча өсүмдүктөрүнөн болгон түшүмдүүлүк "дүйнөнүн чокусунда" да болду. Алсак, айыл чарба илимдеринин кандидаты Е. Г. Куриллова шалкандан гектарынан 500 центнер түшүм жыйнап алууга жетишти. Чыгыш Памирде дыйканчылык иштерин жүргүзүүдө жашылчаларды өстүрүүдө биологиялык илимдердин доктору И. А. Райкова арзырлык эмгектенүүдө. Ал биологиялык станцияга жетекчилик кылып да келе жатат.

Памирде жапайы жаныбарлар өтө көп. Жапайы жаныбарлардын көптүгү жергиликтүү элди мергенчилик кесибине түрткөн. Чынында Чыгыш Памирде жашаган кыргыздар мергенчиликти сүйүшөт. Жергиликтүү элдин балдары жашынан мылтык атып, мергенчиликке үйрөнүшөт. Мындай болуштун тарыхый себеби да бар. Дыйканчылык болбогондуктан, мурда колунда мал - мүлкү жок кедей-кембагелдар байларга жалданып, элбөстүн күнүн көрүп, турмуш өткөрүшкөн. Өз алдынча жашагандары мергенчилик кылып, кийик эти менен эптеп жансактай турган. Мындай болушка элдин социалдык турмушу менен бирге, жашаш шарты, өлкөнүн тоолуу болушу, кийиктердин жана башка жаныбарлардын көп болушу да түрткү берген. Бул көрүнүш элдин оозеки чыгармачылыгында, афоризмдеринде